**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**БҮРГӨНДҮ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**БУРГАНДИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

---

Бүргөндү айылдык кеңешинин
XXVIII чакырылышынын кезектеги XVII сессиясы

Жаңы-Арык айылы **№_11_-ТОКТОМУ** 16-февраль 2023-жыл

**“Бүргөндү” Таза-Суу ишканасынын жетекчиси И.Адашовдун кайрылуусун кароо жөнүндө**

“Бүргөндү” Таза-Суу ишканасынын жетекчиси И.Адашовтун таза ичимдик сууну чыгарууда жана жергиликтүү калкка таза ичимдик сууну жеткирүүдө керектелген акча каражатын ажыратып берүү жөнүндөгү кайрылуусун угуп жана талкуулап Бүргөндү айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги XVII сессиясы

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. “Бүргөндү” Таза-Суу ишканасынын жетекчиси И.Адашовтун таза ичимдик сууну чыгарууда жана жергиликтүү калкка таза ичимдик сууну жеткирүүдө керектелген акча каражатын ажыратып берүү жөнүндөгү кайрылуусу эске алынсын.

2. “Бүргөндү” Таза-Суу ишканасына жергиликтүү калктын талаптарын канаттандыруу максатында таза ичимдик сууну жеткиликтүү деңгээлде чыгаруу үчүн керектелген 65 000 (алтымыш беш миң) сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттин эсебинен каралсын.

3. “Бүргөндү” Таза-Суу ишканасына таза ичимдик сууну жеткиликтүү деңгээлде чыгаруу үчүн керектелген акча каражатын мыйзамдуу ажыратып берүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысы З.Арстанбековго милдеттендирилсин.

4. Бул токтом массалык маалымат каражаттарына же сайтка жарыялансын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бүргөндү айылдык кеңешинин Финансы, бюджет экономика, чакан жана орто бизнести өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ө.Калмуратовко милдеттендирилсин.

**Бүргөндү айылдык**
**кеңешинин төрагасы:** ____________ **Б. Кубатов**